| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 1 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29-сессиясынын катчысы жөнүндө».**

Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29-сессиясынын катчысы боюнча шаардык депутаттар Кенешинин төрагасы С.Кудайбердиевдин сунушун угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29 - сессиясы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Депутат ***Курманкулова Жылдызкан Тургуналиевна*** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29- сессиясынын катчысы болуп шайлансын.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 – август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 2 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардын социалдык-экономикалык өнүгүү планынын, шаардык бюджеттин жана калкты социалдык жактан коргоо маселелеринин 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарылышы боюнча шаардык мэриянын отчету”**

Шаардын социалдык-экономикалык өнүгүү планынын, шаардык бюджеттин жана калкты социалдык жактан коргоо маселелеринин 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарылышы боюнча **шаардын мэри К.Бектемировдун** отчетун жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин **XXX** чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардын социалдык-экономикалык өнүгүү планынын, шаардык бюджеттин жана калкты социалдык жактан коргоо маселелеринин 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарылышы боюнча **шаардын мэри К.Бектемировдун** отчету ***канааттандырарлык*** деп белгиленсин.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 – август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 3 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**““Таш-Көмүр Тазалык” чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасынын 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу «Таш-Көмүр Тазалык» чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасынын директорунун отчету жөнүндө”.**

“Таш-Көмүр Тазалык” чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасынын 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу «Таш-Көмүр Тазалык» чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасынын **директору Б.Кулматовдун** отчетун жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин **XXX** чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Таш-Көмүр Тазалык” чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасынын 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу «Таш-Көмүр Тазалык» чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасынын **директору Б.Кулматовдун** отчету ***канааттандырарлык*** деп белгиленсин.
2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 – август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 4 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Муниципалдык Менчик Департаментинин 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу Муниципалдык Менчик Департаментинин директорунун отчету жөнүндө”.**

Муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу муниципалдык менчик департаментинин **директору У.Керимкуловдун** отчетун жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин **XXX** чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу муниципалдык менчик департаментинин **директору У.Керимкуловдун** отчету ***канааттандырарлык*** деп белгиленсин.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

---

29 – август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 5 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**"Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмүнүн 2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмүнүн маалыматы".**

Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмүнүн 2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу **шаардык маданият бөлүмүнүн директорунун милдетин убактылуу аткаруучу К.Мадалиеванын** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин **XXX** чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмүнүн 2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу **шаардык маданият бөлүмүнүн директорунун милдетин убактылуу аткаруучу К.Мадалиеванын** маалыматы эске алынсын.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 – август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 6 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында шаардын жана шаарчалардын аймагындагы ооруканалардын (Таш-Көмүр ЖДПБ, Кызыл-Жар РПО) аткарган иштери тууралуу маалыматы”.**

**“**2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында шаардын жана шаарчалардын аймагындагы ооруканалардын (Таш-Көмүр ЖДПБ, Кызыл-Жар РПО) аткарган иштери тууралуу маалыматы тууралуу” маселе боюнча шаардык депутаттар Кенешинин төрагасы С.Кудайбердиевдин сунушун угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин **XXX** чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. **“**2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында шаардын жана шаарчалардын аймагындагы ооруканалардын (Таш-Көмүр ЖДПБ, Кызыл-Жар РПО) аткарган иштери тууралуу маалыматы тууралуу” маселе боюнча шаардык депутаттар Кенешинин төрагасы С.Кудайбердиевдин сунушун эске алынсын.
2. **“**2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында шаардын жана шаарчалардын аймагындагы ооруканалардын (Таш-Көмүр ЖДПБ, Кызыл-Жар РПО) аткарган иштери тууралуу маалыматы жөнүндө” маселе жүйөлүү себептерге байланыштуу кийинки сессияга жылдырылсын.
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 7 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн 2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери, жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилген акча каражаттардын пайдаланышы тууралуу шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн башчысынын отчету”.**

Шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн 2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери, жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилген акча каражаттардын пайдаланышы тууралуу **шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн башчысы А.Маданбековдун отчетун** жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин **XXX** чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн 2023-жыл ичинде жана 2024-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери, жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилген акча каражаттардын пайдаланышы тууралуу **шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн башчысы А.Маданбековдун отчету** ***канааттандарарлык*** деп белгиленсин.
2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 8 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардын 2024-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине өзгөртүү жана толуктоо киргизүү тууралуу».**

Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 16.08.2024-жылдагы, 26.08.2024-жылдагы жана 28.08.2024-жылдагы, "Шаардын 2024-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине өзгөртүү жана толуктоо киргизүү тууралуу" №01-21/2532, №01-21/2434, №01-21/2565, №01-21/2564, 01-21/2581, №01-21/2582 жана №01-21/2583 кайрылуу каттары жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **"Экономика жана бюджет"** боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү **К.Соронбаевдин** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29 - сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 16.08.2024-жылдагы, 26.08.2024-жылдагы жана 28.08.2024-жылдагы, "Шаардын 2024-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине өзгөртүү жана толуктоо киргизүү тууралуу" №01-21/2532, №01-21/2434, №01-21/2565, №01-21/2564, 01-21/2581, №01-21/2582 жана №01-21/2583 кайрылуу каттары жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **"Экономика жана бюджет"** боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү **К.Соронбаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. "Айыл чарбасында жараксыз жерлерди сатуу" салыгынан түшкөн каражаттардын эсебинен, Таш-Көмүр шаарынын 2024-жылдын бюджетинин киреше бөлүгү **4500,0 мин сомго** көбөйтүлүп, өзгөртүү киргизилсин.
3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктуна ылайык, Таш-Көмүр шаарынын 2024-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүнө **4500,0 миң сомго** өзгөртүү киргизилсин.
4. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2024-жылга бекитилген сметасынан **-1911,5 мин сом**, шаардык муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылга бекитилген сметасынан **-8303,7** мин сом, Шамалды-Сай аймактык башкармалыгынын 2024-жылга бекитилген сметасынан үнөмдөлгөн **-3765,1 мин** сом, шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2024-жылга бекитилген сметасынан **-7503,2** мин сом жана атайын каражаттардан **-5468,6** мин сом, жалпы бюджеттик каражаттардан – **25983,5** мин сом жана атайын каражаттардан – **5468,6 мин** сом акча каражаты алынсын.
5. "Айыл чарбасында жараксыз жерлерди сатуу" салыгына түшкөн каражаттардын эсебинен **4500,0 мин сом,** бюджеттик каражаттардан алынган– **25983,5** мин сом

жана атайын каражаттардан алынган– **5468,6 мин** сом, **жалпы – 31452,7 мин сом** акча каражаты, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлиндеги административдик-аймактык бирдиктери жөнүндө" Мыйзамына ылайык, Таш-Көмүр шаарынын 2024-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинен кыскартылсын.

6. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2024-жылга бекитилген сметасынан **22311300 беренесинен-233,0** мин сом, **2222 беренесинен-14,0 мин сом**, жалпы-**247,0 мин сом** акча каражаты, А.Орункулов боюнча соттун чечимин аткаруу үчүн шаардык мэриянын **2823 (соттун чечимдерин аткаруу) беренесине** которулсун.
7. Шаардык муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылга бекитилген сметасынан **2215 беренесинен – 343,6 мин сом** акча каражаты алынып, "Барселона" футбол академиясына которуу үчүн шаардык мэриянын **2215 беренесине** которулсун.
8. Шаардык муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылга бекитилген сметасынан **2215 беренесинен – 944,5 мин сом** акча каражаты алынып, LED экран сатып алуу үчүн шаардык мэриянын **3112 беренесине** которулсун.
9. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 токтомунун 4-пунктун жетекчиликке алып, шаардык депутаттар Кенешинин кадрларды эсепке алуу боюнча инспектор – архивариусуна **- 7000 (жети мин) сом** өлчөмүндө ай сайын материалдык жардам берилип туруусу белгиленсин.
4. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **«Экономика жана бюджет» боюнча туруктуу комиссиясына (А.Джумашев) жүктөлсүн.**

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**
***ТОКТОМ*** № 9 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 26.08.2024-жылдагы «Шаардын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиялануучуларынын тамак-ашына болгон калькуляцияны бекитип берүү тууралуу" № 01-14/2525 кайрылуу каты жөнүндө».**

Шаардык мэриянын 26.08.2024-жылдагы «Шаардын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиялануучуларынын тамак-ашына болгон калькуляцияны бекитип берүү тууралуу" № 01-14/2525 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **"Экономика жана бюджет**" боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү К.Сооронбаевдин** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29– сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 26.08.2024-жылдагы «Шаардын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиялануучуларынын тамак-ашына болгон калькуляцияны бекитип берүү тууралуу" № 01-14/2525 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **"Экономика жана бюджет**" боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү К.Сооронбаевдин** маалыматы жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштары эске алынсын.
2. Шаардын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги тарбиялануучулардын тамак-ашын каржылоо үчүн ата-энелердин төлөмдөрү **1 (бир) балага 1 (бир) айга х 1460 (бир мин төрт жүз алтымыш) сом** өлчөмүндө көбөйтүлүп бекитилсин.
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **«Экономика жана бюджет» боюнча туруктуу комиссиясына (А.Джумашев) жүктөлсүн.**

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 10 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 17.07.2024-жылдагы “Таш-Көмүр шаары боюнча 2024-жылга катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн кызмат көрсөтүүнүн бааларын (тарифтерин) көтөрүп, карап берүү тууралуу» №01-21/2172 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 17.07.2024-жылдагы “Таш-Көмүр шаары боюнча 2024-жылга катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн кызмат көрсөтүүнүн бааларын (тарифтерин) көтөрүп, карап берүү тууралуу» №01-21/2172 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы “Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиянын **мүчөсү К.Сооронбаевдин** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 17.07.2024-жылдагы “Таш-Көмүр шаары боюнча 2024-жылга катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн кызмат көрсөтүүнүн бааларын (тарифтерин) көтөрүп, карап берүү тууралуу» №01-21/2172 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы “Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиянын **мүчөсү К.Сооронбаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаары боюнча 2024-жылга катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн кызматы көрсөтүүнүн тарифтери **төмөндөгүдөй өлчөмүндө** бекитилсин:

- **Көп кабаттуу үйлөргө 1 (бир) абонентке айына - 64 сом 16 тыйын (анын ичинен 45 сом 66 тыйын жергиликтүү бюджеттен төлөнөт);**
- **жер үйлөргө 1 (бир) абонентке айына - 64 сом 16 тыйын бир абонентке айына (анын ичинен 43 сом 66 тыйын жергиликтүү бюджеттен төлөнөт);**
- **мекеме-ишканалар жана жеке секторлорго 1 м3 таштанды үчүн – 647 сом 00 тыйын;**
- **Жайма базар (арабада саткандар) 1 орун үчүн күнүнө – 30 сом 00 тыйын.**

3. **Т**октомду аткаруу жана шаардын тургундарына массалык маалымат каражаттары аркылуу маалымдоо, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы «Таш-Көмүр Тазалык» чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасына (Б.Кулматов) милдеттендирилсин.
4. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жooптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **"Экономика жана бюджет"** маселеси боюнча туруктуу комиссиясына (А.Джумашев) жүктөлсүн

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**

***ТОКТОМ* № 11 *ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин Жобосун бекитип берүү тууралуу”**

Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин Жобосун бекитип берүү тууралуу маселе боюнча шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиянын **төрагасы Т.Малабековдун** маалыматы жана депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин Жобосун бекитип берүү тууралуу маселе боюнча шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиянын **төрагасы Т.Малабековдун** маалыматы эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин Жобосу кошумча алымчалары менен бекитилсин.
/Жобо тиркелет/
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** маселеси боюнча туруктуу комиссиясына (Т.Малабеков) жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ |
|---|---|---|

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**
***ТОКТОМ*** № 12 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына сунуштоо жөнүндө».**

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына сунуштоо тууралуу Таш-Көмүр шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиянын **төрагасы Т.Малабековдун** билдирүүсүн угуп жана талкуулап Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29– сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына сунуштоо тууралуу Таш-Көмүр шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиянын **төрагасы Т.Малабековдун** билдирүүсү эске алынсын.
2. Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. /тиркеме тиркелет/
3. №1 тиркемеде бекитилген Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясынын резерви Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына сунушталсын.
4. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** маселеси боюнча туруктуу комиссиясына (Т.Малабеков) жүктөлсүн.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

29 - август 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50037, 50052
e-mail: gorkenesh tk@ gmail.com

**XXX чакырылышы**
**кезектеги XXIX сессиясы**
***ТОКТОМ*** № 13 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаарынын аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунуштоо жөнүндө».**

Таш-Көмүр шаарынын аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунуштоо тууралуу шаардык Кенештин алдындагы “Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Малабековдун маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин XXX чакырылышынын кезектеги 29 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таш-Көмүр шаарынын аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунуштоо тууралуу шаардык Кенештин алдындагы “**Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Малабековдун** маалыматы эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча:
   - №2257 «Түндүк» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №1-тиркемеге ылайык;
   - №2258 «Баетов» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №2-тиркемеге ылайык;
   - №2259 «Тынчтык» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №3-тиркемеге ылайык;
   - №2260 «Мендигулов» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №4-тиркемеге ылайык;

- №2261 «Чыныбаев» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №5-тиркемеге ылайык;
- №2262 «Кызыл-Алма» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №6-тиркемеге ылайык;
- №2252 «Кызыл-Жар» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №7-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. №1,2,3,4,5,6,7 тиркемеде бекитилген участкалык шайлоо комиссияларынын резерви Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.

4. Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервине кирген талапкерлер жөнүндө бардык маалыматтар Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

6. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** маселеси боюнча туруктуу комиссиясына (Т.Малабеков) жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**